Бекитемин:

А.Закиров атындагы орто

Мектебинин директору

Абишева У.О

# Мектепте жаш адистер менен иштөө жөнүндө жобо

## Жалпы бөлүм

**1.1.Бул жобо усулдук бирикмелердин ишиндеги жаш адистер менен иштөө максаттарын жана милдеттерин аныктайт**

**1.2.Жаш адис- бул :**

**-педагогикалык стажысы жок мугалим**

**-окуу жайын жаны бүтүргөн предметник же окуп жаткан студент**

**-педагогикалык стажы 3 жылга толо элек мугалим**

**1.3.Насаатчы –бул:**

**- педагогикалык стажы 5 жылдан ашык тажрыйбалуу мугалим;**

**-ишмердүүлүгүнөн ийгилктерди жараткан чыгармачыл адис;**

**- өз билимин жогорлатуунун үстүнөн иштеген ,заманбап усулдарды өздөштүргөн өз ишинин устаты;**

**-кесиптештеринин,ата-энелердин жана окуучулардын урмат-сыйына татыктуу кесипкөй мугалим;**

**1.4.Жаш адистер менен иштөө мектеп директорунун насаатчылык жөнүндөгү буйругунун негизинде башталат.Буйрукта жаш адиске тажрыйбалуу мугалимден насаатчы бекитилет.**

**1.5.Жаш адис менен иштөө-бул насаатчынын жаш адис менен жекече ишмердүүлүгү:**

**- тажрыйба менен бөлүшөт;**

**-кесиптик өсүшкө шарт түзөт**

## Жаш адистер менен иштөөнүн максаттары жана милдеттери

**2.1.Жаш адистер менен иштөөнүн максаттары-жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар маселесин чече алат.**

2.2. Жаш адистер менен иштөөнүн милдеттери:

-мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана адеп ченемдерин, өздөштүрүүгө көмөктөшүү;

-жаш адистин кесипке болгон дилгирлигин ойготуу жана аны мектепке алып калуу;

-жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттерди өз алдынча сапаттуу аткаруу жөндөмүн калыптандыруу;

-окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу

## 3.Насаатчылыктын уюштуруу негиздери

3.1.Насаатчынын талапкерлиги мектептин усулдук бирикмелеринин отурумунда көрсөтүлүп, директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, мектеп директорунун буйругу менен бекитилет. Насаатчыны бекитүү жаш адисти кызматка дайындагандан кийин 2 жуманын ичинде чыгарылат.

3.2.Насаатчылык жагынан жетекчиликти окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана усулдук бирикме жетекчилиги жүргүзүшөт.

<u>Насаатчылардын ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылгандардын милдеттери:</u>

-жаш адистер менен иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүп берүү;

-усулдук бирикменин отурумдарында насаатчылык бюоюнча иштерди жана тажрыйбалар ды үйрөтүү, жайылтуу иштерин жүргүзөт

-жаш адистер менен насаатчылардын иштерине көзөмөл жүргүзүп туат, сабактарына катышып, анализ бере алат

3.3.Усулдук бирикме жетекчиси насаатчыны кесиптик даярдыгы жогору,усулдук иш тажрыйбасы бар, педагогикалык тармакта 5 жылдан кем эмес эмгектенген мугалимди сунуштай алат. Ар бир мугалим бир убакта экиден жаш адиске насаатчы боло алат.

3.4.Насаатчы анын өзү жана жаш адис макул болгон шартта дайындалат. Насаатчы жаш адиске 3 жыл бою насаатчылык кылат.

3.5.Насаатчы төмөнкү учурда мектеп директорунун буйругу менен алмаштырылат:

-насаатчы жумуштан бошотулганда;

-жаш адис же насаатчы башка ишке которулганда;

-насаатчы менен жаш адис психологиялык жактан иштеше албай калса;

-насаатчы тартип жоопкерчилигине тартылса;

3.6.Насаатчынын ишинин ийгилиги жаш адистин кесиптик өсүшүнө жараша бааланат.

3.7.Насаатчы ишинин ийгилиги үчүн шыктандыруу тутумунун алкагында сыйланышы мүмкүн.

3.8.Насаатчылардын демилгеси менен насаатчылар кенеши түзүлүшү мүмкүн.

**Насаатчынын милдеттери**

Насаатчынын төмөндөгүдөй милдеттери бар:

-билим берүү жаатындагы мыйзамдарды жана жаш адистин кызматына байланышкан укук-милдеттерин аныктоочу ченемдик-укуктук актылардын талаптарын билүү;

-жаш адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарын аныктап билүү, зарыл учурда жогору жактарга билдирүү жасоо;

-жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш иш мерчемин бир жылга ылайыктап иштеп чыгуу;

-иш мерчемге ылайык белгилүүмөөнөттө аткарылуучу тапшырмаларды берүү, аткарылышына көзөмөл жүргүзүү, керектүү жардам, кеңештерди берүү;

-жаш адиске сабакты план боюнча өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын өздөштүрүүгө көмөктөшүү;

-ишиндеги жакшы жактарын айтып шыктандыруу менен кемчиликтерин талдоо жана жоюу жолдорун белгилөө;

-жаш адистердин ишине байланышкан маселелерди талкуулоого катышуу;

-түзүлгөн иш мерчемге ылаык иш жүргүзүү жана МУБ жетекчисине маалымат берип туруу.

## Насаатчынын укуктары

-сабактарга, класстан тышкаркы иштерге байкоо жана талдоо жүргүзүү;

-жаш адистен берген тапшырмаларына отчет талап кылуу;

-жаш адисти окуп үйрөтүүгө башка мугалимдерди да тартуу (ОТЗ, МУБ жетекчилиги менен макулдашып);

-жаш адистин кесиптик ар- намысын жана кадыр- баркын коргоо;

-насаатчылык жаатында кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

-насаатчылыктан баш тартуу.

## Жаш адистин милдеттери

-КРнын билим берүү жаатындагы мыйзамдарын, мектептин иштөө өзгөчөлүгүн, өз ишмердигин жана функционалдык милдеттерин аныктоочу ченемдик актыларды окуп-үйрөнүү;

-насаатчы менен иштөө мерчеминде көрсөтүлгөндөрдү аткаруу;

-насаатчыга өз ишмердиги жөнүндө отчет берип туруу;

-кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүнөн үзгүлтүксүз иштөө;

-насаатчыдан, тажрыйбалуу мугалимдерден жаңы усулдарды, ыкмаларды үйрөнүү;

-өзүнүн жалпы билим жана маданий деңгээлин өркүндөтүү.

## Жаш адистин укуктары

-насаатчыдан жардам алуу;

-кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;

-өз ишине баа берген даттануу жана башка документтер менен таанышуу, алар боюнча түшүндүрмө берүү;

-өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

-кесиптик адеп ченемдеринин бузулушуна байланыштуу өзүнүн таламдарын коргоо;

-насаатчы менен иштөөдөн баш тартуу.

**Жаш адистер менен иштөө боюнча документтер**

-"Жаш адистер менен иштөө" жөнүндөгү жобо

-жаш адистер менен иштөө планы (жылдык)

-насаатчылык жөнүндөгү буйрук

-усулдук бирикмелердин отурумдарынын протоколдору

-насаатчылык жөнүндөгү усулдук көрсөтмөлөр

-насаатчылар жана жаш адистер жөнүндө маалыматтар

-жаш адистердин жана насаатчылардын отчеттору

-жаш адистерден жана насаатчылардан алынган анкеталардын негизинде диагностика жасоо

-жаш адистер менен иштөөнүн жыйынтыгы боюнча жаш адистердин кесиптик деңгээли жөнүндө диагностика